**УДК:398. 224**

***Садыкбек кызы Жайна***

# Т. БАЙЖИЕВДИН «СЕМЕТЕЙ» ЭПОСУНУН ВАРИАНТТАРЫНЫН ОКШОШТУКТАРЫ ЖАНА АЙЫРМАЧЫЛЫКТАР ЖӨНҮНДӨ КӨЗ КАРАШЫ

***Садыкбек кызы Жайна***

# ВАРИАНТЫ ЭПИЧЕСКОГО ЭПОСА «СЕМЕТЕЙ» ЕГО СХОДСТВА И РАЗНИЦА

***Sadykbek k Zhaina***

# OPTIONS OF THE EPIC EPOS OF THE "SEMETEI" OF ITS SIMILARITY AND THE DIFFERENCE

**Аннотация:** Макалада1940-жылдарда Т. Байжиевдин «Фольклор жана «Манас» эпосу» секторунун тунгуч жетекчиси катары улуу эпосту жыйноону уюштуруудагы жана анын тексттерин басмага даярдоодогу эмгек-мээнетин жана «Манасты» изилдөөгө арналган эмгектерине талдоо жүргүзүү аркылуу илимпоздун эпоско карата көз караштарын аныкталган.

**Негизги сөздөр:**трилогия, энциклопедия, фольклор, идеология, эпос, монголовед, патриот, лирика, мотив..

**Аннотация**: В статье авторомпоказана рольпервого руководителя Т. Байжиева сектора «Фольклор и эпос «Манас», Академии наукКыргызстанапо сбору эпическогоматериала и издания эпоса «Манас», также первые публикации которого были посвященны научному анализу различныхвариантовсказителей эпоса.

**Ключевые слова:**трилогия, энциклопедия, фольклор, идеология, эпос, держава, монголовед, патриот, лирика, мотив..

**Annotation.** In the article the author shows the role of the first head of T. Baizhiyev sector "Folklore and the epic Manas", the Academy of Sciences of Kyrgyzstan for the collection of epic material and the publication of the epos "Manas", also the first publications of which were devoted to the scientific analysis of various variants of the storytellers of the epic.

**Keywords:**Trilogy, encyclopedia, folklore, ideology,
Epic, power, Mongolian, patriot, lyric, motive..

Ташым Байжиевдин жарык көрүүгө үлгүрбөй, академиянын кол жазмалар фондусунда сакталып, кийин 2003-жылы «Ташым Байжиев» аттуу китепке кирген «Семетейге» кириш сөз» аттуу илимий макаласы да өзүнүн мазмундуулугу менен айырмаланат. 1948-жылы Саякбай Каралаевдин варианты боюнча «Семетей» аттуу бир томдук сектор башчысы Т. Байжиевдин жетекчилиги жана активдүү катышуусу менен басмага даярдалган. «Семетейге» кириш сөз» макаласы ушул томдукка кириш сөз катары жазылган. Аталган макала бүтүндөй «Семетей» жөнүндө болсо да, башы трилогиянын биринчи бөлүмү «Манас» тууралуу сөз менен башталат. Т. Байжиев мында 1940-жылы «Советтик Кыргызстан» журналына жарыяланган «Манас» аттуу макаласындагы улуу эпос жөнүндөгү ойлорун кеңейткен жана тереңдеткен. Автор ойлорун мындайча уланткан: «Манас» эпосу бир нече кылымдар бою кыргыз элинин башынан өткөн социалдык-тарыхый тагдырын, чет душмандар менен жүргүзгөн баатырдык күрөшүн, патриархалдык-уруу курулушунун тушундагы таптык жана уруу карама-каршылыктарын сүрөттөп, адилеттикти, акылмандыкты, достукту, чындыкты жактайт. «Манас» эпосунун дүйнөлүк

маанисин жеке кыргыз окумуштуулары эмес, биздин союздун ири окумуштуулары да белгилеп отурушат. Маселен, атактуу монголовед профессор В. Л. Котцич, академик С. А. Козиндин басмага даярдаган монгол трилогиясы – «Сокровенное сказание – Гесериаде-Жангариадалар» жөнүндө жазган катында «Манас» тууралуу мындай дейт: «Маселен: түрктөр VIII кылымда Монголиядагы ташка түшүргөн эстеликтеринде өздөрүнүн баатырдык иштери жөнүндө жазышкан, алардын ордун баскан уйгурлардан ушулу бакка чейин Огуз каган жөнүндөгү поэма сакталып келе жатат, аларды (уйгурлардын В. Т. ) ордун баскан кыргыздар баатыр Манас, анын уулу жана невереси жөнүндө дүйнөдө эң зор жомокту түзүшүп, эл аны эстеринде сактап келе жатышат. Котцичтин бул пикирин академик Козин өзүнүн монгол эпосторуна жазган кириш сөзүнө киргизген. Бизге жиберген катында С. А. Козин «Манас» эпосу эпикалык эл чыгармаларынын катарынан зор орун алатургандыгын белгилейт. Союздагы ири фольклористтердин бири СССР илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү профессор В. М. Жирмунский: «Кыргыз эпосу өзүнүн эбегейсиз зор көлөмү жагынан бизге маалым эпостук эстеликтердин баарынан өйдө» - дейт. Трилогиянын үч бөлүгүндө кыргыз элинин бирдиктүүлүгү, көз каранды болбостугу, күрдөөлүн көтөрүү идеясы жакталып, элди, жерди сүйүү, душманды жек көрүү биринчи максат кылып коюлат. Кыргыздын миң жылдык маданий мурасы болгон «Манас» трилогиясы угуучулар үчүн, духовный жемиш болуп, кыргыздардын өткөн баатырдык согуштарын улам кийинки тукумдарына айкын баяндап, алардын эр кайрат, патриоттук сезимин ойготуп келген. «Манас» кыргыздын тарыхтык, географиялык, моралдык, медициналык, саясий эл аралык турмушун баяндап турган элдик энциклопедия, көркөм сөздүн тунугу, оозеки өнөрдүн калың каймагы. Бултрилогия К. Маркс мактаган байыркы гректердин «Илиада», «Одиссея сындай» кайсы гана заманда болбосун адамга керектүү маанисин жоготпойт» (көрсөтүлгөн макаласы). [1. 229]

Бул алынган үзүндүдөн көрүнүп тургандай, Т. Байжиевдин 40-жылдагыга караганда «Манастын» дүйнөлүк мааниси, идеялык дөөлөттөрү, эпос жөнүндөгү билими кыйла кеңейген. Кыргыз эпосунун көлөмү жана дүйнөлүк масштабы жөнүндөгү ойлорун орустун көрүнүктүү окумуштуулары В. Л. Котцичтин, В. М. Жирмунскийдин авторитеттүү ой-пикирлери менен бекемделген. «Манастын» дүйнөлүк маанидеги идеялык баалуулугун эпостун адилеттикти, акылмандыкты, достукту, чындыкты жактагандыгынан, элдин биримдиги, эркиндиги, көз каранды болбостугу жөнүндөгү улуу идеяларды даңазалагандыгынан көрүнүп отурат. Мына ушинтип, Т. Байжиев «Манастын» мазмунунан улам келип чыккан дүйнөлүк маанидеги этикалык-философиялык нарктарды жана кыргыз улуту үчүн эң бир маанилүү улуттук боштондук идеяларын, бул идеялардын тарбиялык маанисин, элдин эр кайрат, патриоттук сезимин ойготуп келген түбөлүктүүлүгүн таасын аныктоого жетишкен.

Андан ары автор «Семетей» эпосунун темасы, сюжети, мазмуну, идеясы, эпостун түрдүү варианттарындагы окшоштуктар жана айырмачылыктар жөнүндө кеңири сөз кылган. 40-жылдары «Семетейдин» түрдүүчө айтылган түрдүү варианттарына мүнөздүү негизги, борбордук сюжеттик өзөк кайсыл экендиги так аныктала элек эле. Ал кезде бул өзүнчө чоң проблема болгондугу чындык. Т. Байжиев сөз болуп жаткан макаласында ушул проблемага иликтөө жүргүзүп, ошол кездеги академиядагы «Фольклор жана «Манас» эпосу» секторунун фондусуна топтолгон 14 вариантты бири-бири менен дыкат салыштырып отуруп, «Семетейдин» бардык варианттарга мүнөздүү башкы сюжеттик өзөк окуяларын аныктап чыккан. Ал сюжеттик өзөк Т. Байжиевдин тактап, аныктагандыгы боюнча төмөнкүдөй: «Өткөн кылымдан берки аты маалым жомокчулардын жана ушул күндөгү жомокчулардын баары «Семетейди»:

1. Семетейдин жетим калып, Букарда өсүп, Таласка келиши;

2. Семетейдин Чынкожо, Толтой менен согушуп, Айчүрөктү алышы;

3. Семетейдин Коңурбай менен согушу;

4. Семетейдин өлүмү- деп, төрт бөлөк окуя кылып айтышат.

Бул окуялар бардык семетейчилерге орток, негизги сюжеттик сызык. Бул төрт бөлүмдөгү окуялардын түйүнү, жогоруда биз айткандай «Манас» поэмасынан башталат да ар биринин аягы өзүнчө чечилип бүтөт» (көрсөтүлгөн макаласы). [1. 223]

Т. Байжиев аныктаган «Семетей» эпосунун сюжеттик өзөк окуяларынын ушул мерчемдери 1958-жылкы айтылуу бириктирилген «Семетей» кошмо вариантынын түзүлүшүнө негиз болбой койгон эмес жана бириктирилген варианттын түзүүчүлөрүнүн ишин кыйла жеңилдеткен дешке болот. «Семетейдин» түркүн варианттарына тиешелүү борбордук сюжеттик өзөктү аныкташыТ. Байжиевдин манастаануга кошкон тарыхый салымы болгон.

Т. Байжиевдин «Семетейге» кириш сөзү» «Манас» менен «Семетейдин» ортосундагы сюжеттик-тематикалык, стилдик айырмачылыкка кыйла ишенимдүү мүнөздөмө бергендиги менен бөтөнчөлөнөт. Мындай айырмачылыкты автор төмөнкүдөй көргөн: «Жогорку айтылгандардын бардыгы «Семетей», «Манастын» үзүлгүс уландысы экендигин билгизет. Ошондой болсо да «Семетей» поэмасынын «Манастан» бир кыйла өзгөчөлүктөрү бар. Маселен, экинчи поэмада Семетей, Бакай, Каныкейлердин оор абалынакайгыруу, Манастын тушундагы салтанаттын, жогорку идеялуу баатырлардын Семетейдин учурунда жок болушуна өкүнүү, андагы сүйүү, күнөөлөө, жеке эрегиш, кектөө, бийлик талашуу өңдүү жеке таламдардын ачык көрүнүшү «Семетей» поэмасына лирикалык күү берип, аны лирикалык эпоско айланткан. Экинчи поэмадагы каармандар «Манастагыдай» кыялдагы согуш баатырларынын элесин бербестен, чыныгы турмушка жакын, кадимки кишилердин элесин берет. Башкача айтканда, «Семетейдеги» каармандар жерди, элди сүйүүнү, сүйгөнүнө жетүүнү, баласын тарбиялап, киши катарына кошууну, туугандык ынтымакты, душмандан кек алууну көксөйт. «Семетей» лирика-эпикалык стиль, романтикалык мотив менен жеке окуялардын реалисттик планда жүрүшү, сүрөттөгөн доору менен баатырдык поэма «Манастан» ажырап турат» (көрсөтүлгөн макаласы). Биздин оюбузча, Т. Байжиев «Семетей» эпосунун «Манастан» сюжеттик-тематикалык жана стилдик айырмачылыгын негизинен туура аныктаган. «Манас» эпосунда баатырдык окуялар, согуштук салгылашуулар темасы көбүрөөк үстөмдүк кылса, ал эми «Семетей» эпосунда баатырдык иштерди сүрөттөө орун алганы менен анда негизинен турмуштук окуялар, элдин өз ичиндеги душмандар менен күрөшүүгө байланышкан аракеттер, бала тарбиялоо, үйлөнүү жана башка турмуш-тиричилик темалары басымдуулук кылып, эпосто романтикалык жана лирикалык мотивдер орун алган. Т. Байжиев учурунда туура байкаган мындай жагдайды кийинки изилдөөчүлөр да өздөрүнүн изилдөөлөрүндө тастыкташкан.

Т. Байжиев бул изилдөөсүндө «Семетей» эпосунун тарыхый негизи, эпостун составынын көп катмарлуулугу, анын көркөмдүк эволюциясы жөнүндө да өзүнүн көз караштарын тартуулаган. Ушул маанидеги анын ойлору менен таанышып көрөлү: ««Семетей» кыргыз уруулары туш-тушка сүрүлүп, эгемендүүлүгү бүт жоголуп, согуштук күчү кетип, четки душмандарга көз каранды болгон учурун (XVII-XVIII кылымдарды) сүрөттөйт. «Семетейде» кыргыздардын XVII-XVIII кылымдардагы эң оор тарыхый абалы сүрөттөлсө да, анда сезимдин, дүйнөгө көз караштын эң байыркы баскычындагы түшүнүктөр да (өтө байыркы заманга тийиштүү мифологиялык элементтер) жана кийинки ислам дининин идеологиялары да бар. Демек, мындан «Семетей» поэмасы бир канча

доордогу ар түрдүү социалдык топтордун идеологиясын ичине алганын көрөбүз. «Семетей» да, оозеки чыгармаларынын башка түрлөрү сыяктуу эл жомокчулары аркылуу ооздон оозго көчүп, кылымдан кылымга өтүп, ар кайсы доордун социалдык тарыхый шартына карай, мазмунун өзгөртүп отурган. Аны менен бирге, поэманын каармандарынын жаралышына, поэманын тилине, ырларынын, окуяларынын түзүлүшүнө кыргыз элинин турмушундагы, тилиндеги, оозеки чыгармасындагы бир нече кылымдык традициялар, кала берсе, жомокчунун айланасындагы географиялык, турмуштук шарттар белгилүү даражада таасир этип, изин калтырган» (көрсөтүлгөн макаласы). [2. 150]

Ушул үзүндүнүн өзү эле Т. Байжиевдин фольклористика илимине кыйла сүңгүп киргендигин, дегеле элдик оозеки чыгармачылыктын спецификасын тереңдеп түшүнүүгө күч үрөгөндүгү, эпосту түшүндүрүүгө, чечмелөөгө олуттуу мамиле жасагандыгы, «Семетейди» интерпретациялоодо кеңири көз карашты карманууга жетишкендиги ачык көрүнүп турат. «Семетейде» ар кайсы кылымдардын социалдык-тарыхый шарттарынын изи калгандыгы, түрдүү доорлордун түшүнүктөрү камтылгандыгы, эпостун мазмунунун ар дайым бир орунда турбаган динамикасы, анын көркөм эволюциясы, диалектикасы жөнүндөгү Т. Байжиевдин ой-пикирлери 40-жылдары айтылса да, бүгүн бизде ишенимди туудуруп турат жана бул ой-пикирлердин акыйкат экендиги да чындык.

Ошону менен бирге Т. Байжиевдин кээ бир жыйынтыгы талаш туудурбай да койбойт. Автордун «Семетей» эпосунун тарыхый негизин XVII-XVIII кылымдардагы «калмак дооруна» алып келип такап коюшу ишенимдүү аргументтер менен ырасталган эмес жана мындай чечмелөөтө эле субъективдүү. Ырас, Т. Байжиев «Семетейдин» сюжетинин кылымдарды аралап келген байыркылыгын белгилеген, бирок автор жыйынтыгында, негизинен эпостун тарыхый негизин XVII-XVIII кылымдардагы кыргыз элинин чет душмандарга көз каранды болгон учуру түзөт деген ойду берип жатат. Албетте, Т. Байжиевдин бул ою үстүртөн айтылып калган. Эгерде Манас баатыр Т. Байжиев мурда жазгандай IX-X кылымдардагы кыргыздын улуу державасында чыгып, ошол доордо көз жумган деп болжолдонсо, анын уулу Семетей кандайча XVII-XVIII кылымдарга таандык болуп калат? Бул жерде логикалык карама-каршылык орун алып калган. Кийин табылган маалыматтар, мисалы, Сайфаддин Аксыкентинин «Маджму ат-таварих» кол жазмасы Манас жомогунун калмак доорунан мурда XV-XVI кылымдарда эле эл ичинде эпос катары жашап тургандыгын ырастаган.

**Адабияттар:**


1. Байжиев Т. «Семетейге» кириш сөз. [Текст]/Т. Байжиев. – Бишкек: Седеп, 2003. – 221-223 б.
2. Бектенов З., Байжиев Т. Кыргыз адабияты, экинчи басылышы [Текст]/З. Бектенов., Т. Байжиев. – Бишкек: Мектеп, 1993. – 150 б.


**Рецензент: д. филол. н., академик Акматалиев А. А.**